**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**

**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**

# ТОКТОМ

## Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Регламентин кабыл алуу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Регламентин, "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2026-жылдын 22-июлундагы № 118 Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" конституциялык Мыйзамына ылайык келтирүү, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун ишин натыйжалуу уюштуруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 2-бөлүгүн, 48-беренесинин 4-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Регламенти кабыл алынсын.

2. Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2026-жылдын 22-июлундагы № 118 Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" конституциялык Мыйзамы күчүнө киргенге чейин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна келип түшкөн, өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктама чыгарылбаган кайрылуулар көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамда жана ушул Регламентте белгиленген тартипте каралат;

2) Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө чыгарылган аныктамаларына карата аталган конституциялык Мыйзам күчүнө киргенге чейин келип түшкөн даттануулар, тиешелүү аныктама

чыгарылган күнгө карата колдонулуп келген мыйзамдарга жана Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Регламентине ылайык каралат.

3. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

- “Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Регламентин бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2022-жылдын 18-февралындагы № 2-П токтому;

- “Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2022-жылдын 18-февралындагы № 02-П токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Регламентине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2022-жылдын 3-ноябрындагы № 14-П токтому;

- “Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2022-жылдын 18-февралындагы № 02-П токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Регламентине өзгөртүү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2023-жылдын 6-октябрындагы токтому;

- “Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2022-жылдын 18-февралындагы № 02-П токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Регламентине өзгөртүү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2023-жылдын 9-октябрындагы токтому;

- “Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2022-жылдын 18-февралындагы № 02-П токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Регламентине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2024-жылдын 6-сентябрындагы токтому;

- “Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2022-жылдын 18-февралындагы № 02-П токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Регламентине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2024-жылдын 17-декабрындагы токтому.

4. Ушул токтом кабыл алынган күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун расмий сайтына жана “Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Жарчысына” жарыялансын.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**

Кыргыз Республикасынын
Конституциялык сотунун
2026-жылдын 15 - сентябрындагы
№08-п токтому менен кабыл алынган

# Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун РЕГЛАМЕНТИ

## I БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

### 1-глава. Жалпы жоболор

1. Конституциялык соттун ишин уюштуруу жана кайрылууларды кароодо колдонулуучу жол-жоболук эрежелер Кыргыз Республикасынын Конституциясына, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына (мындан ары – конституциялык Мыйзам) жана ушул Регламентке ылайык камсыз кылынат.

2. Конституциялык соттун компетенциясына кирген маселелер Конституциялык соттун жыйналыштарында каралат. Жыйналыштар конституциялык Мыйзамда жана ушул Регламентте белгиленген талаптарды сактоо менен өткөрүлөт.

3. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьяларынын чогулушу соттук өз алдынча башкаруу органы катары “Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен анын компетенциясына таандык кылынган маселелерди карайт. Судьялардын чогулушунда каралган маселелер протокол менен тариздеелет.

4. Конституциялык соттун жана анын аппаратынын ишин уюштурууга тиешелүү маселелер Конституциялык соттун судьяларынын кеңешмесинде каралат. Конституциялык соттун судьяларынын кеңешмесине Конституциялык соттун аппаратынын кызматкерлери (мындан ары – аппарат) чакырылышы мүмкүн.

Конституциялык соттун судьяларынын чогулуштарын жана кеңешмелерин Конституциялык соттун төрагасы же анын тапшырмасы боюнча төрагасынын орун басары чакырат.

5. Конституциялык соттун ишин анын аппараты камсыз кылат, ага тикелей жетекчиликти аппараттын жетекчиси жүргүзөт.

Аппарат Конституциялык соттун судьяларына маалыматтык, уюштуруучулук, илимий-техникалык жана башка жардам көрсөтөт.

6. Аппараттын жобосу, түзүмү жана штаттык саны чыгымдар сметасынын чегинде Конституциялык соттун төрагасынын сунушу боюнча Конституциялык сот тарабынан бекитилет.

7. Иштерди кароо үчүн даярдоого катышкан судьялар жана аппараттын кызматкерлери сот өндүрүшүнүн жүрүшүндө алар таанышкан маалыматтардын купуялуулугун сактоого милдеттүү.

8. Аппарат конституциялык Мыйзамдын 56-беренесинде көрсөтүлгөн ыйгарым укуктардан тышкары:

1) Конституциялык соттун расмий билдирүүсүнө байланыштуу пресс-конференцияны уюштурат;

2) тиешелүү нускамаларда белгиленген тартипте иш кагаздарын, анын ичинде электрондук документ жүгүртүү системасын (мындан ары – ЭДС) колдонуу менен жүргүзөт;

3) Конституциялык соттун расмий сайтын иштетет;

4) Конституциялык соттун соттук жыйналыштарынын протоколдорун, аудио- жана видеожазууларын жүргүзөт.

## 2-глава. Конституциялык соттун төрагасынын, төраганын орун басарынын ыйгарым укуктары

9. Конституциялык соттун төрагасы Конституциялык соттун судьясынын милдеттерин аткаруу менен катар эле конституциялык Мыйзамда берилген ыйгарым укуктардан тышкары:

1) Конституциялык соттун ишин координациялайт;

2) жыйналыштарды, кеңешмелерди, Конституциялык соттун судьяларынын чогулуштарын чакырат;

3) ооруп калган же өз милдеттерин аткарууга мүмкүндүк болбогон учурда ишти бир судьядан экинчи судьяга өткөрүп берет;

4) судьялар менен макулдашып, Конституциялык соттун жыйналыштарын өткөрүүнүн графигин бекитет;

5) Конституциялык соттун мүлкүн тескөөнү жана бюджеттин каражаттарынын чыгымдалышын контролдоону жүзөгө ашырат;

6) бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту жана кезектеги финансылык жылга бюджеттин долбоорун судьялардын чогулушунун кароосуна киргизет;

7) судьяларды кызматтык иш-сапарга, анын ичинде жеке чакыруу боюнча иш-сапарга жиберүү жөнүндө маселелерди чечет;

8) коомчулукка жылдын жыйынтыгы боюнча Конституциялык соттун иши жөнүндө маалымат берет;

9) ведомстволук сыйлыктар менен сыйлайт;

10) Конституциялык соттун чечимин кайра кароо жөнүндө Конституциялык сотко сунуш киргизет.

10. Конституциялык соттун төрагасы буйруктарды жана тескемелерди чыгарат.

Буйруктар Конституциялык соттун ишине тиешелүү бардык уюштуруучулук жана административдик маселелер боюнча кабыл алынат.

Тескемелер өндүрүштөгү иштердин жүрүшүнө байланыштуу маселелер, ошондой эле Конституциялык соттун төрагасынын тескөөчү чечимин тариздөөнү талап кылган башка маселелер боюнча чыгарылат.

11. Конституциялык соттун төрагасы жок болгон учурда анын конституциялык Мыйзамда жана ушул Регламентте белгиленген милдеттерин төраганын орун басары аткарат.

Төраганын орун басары төраганын тапшырмасы боюнча анын катышуусунда да айрым ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыра алат.

## 3-глава. Конституциялык соттун расмий билдирүүсү

12. Конституциялык соттун атынан расмий билдирүү жасоо демилгесин төрага же үчтөн кем эмес судья киргизет. Конституциялык соттун расмий билдирүүсүнүн тексти Конституциялык соттун судьяларынын кеңешмесинде каралат жана бекитилет.

13. Конституциялык соттун төрагасы Конституциялык соттун атынан расмий билдирүү жасоого же сөздү башка судьяга берүүгө укуктуу.

14. Расмий билдирүүнүн текстинин мазмуну менен макул болбогон судья өзүнүн макул эместигин жазуу жүзүндө берет, ал Конституциялык соттун расмий билдирүүсүнүн текстин бекитүү жөнүндө кеңешменин материалдарына тиркелет.

## 4-глава. Кайрылуулар жөнүндө маалымат

15. Конституциялык сотко келип түшкөн кайрылуулар Конституциялык соттун ЭДСине аппарат тарабынан жайгаштырылат.

16. Кабыл алынган кайрылуулар боюнча пресс-анонсторду аппарат Конституциялык соттун расмий сайтында жайгаштырат.

17. Конституциялык соттун жыйналышында кароого даярдалган кайрылуулар жөнүндө маалымат аппарат тарабынан Конституциялык соттун расмий сайтына жыйналыш башталганга чейин 10 күн калганда жайгаштырылат.

## 5-глава. Конституциялык сотко кайрылууну берүү тартиби жана ага коюлуучу талаптар

18. Конституциялык сотко кайрылуу жазуу жүзүндө же электрондук формада берилет жана ал конституциялык Мыйзамда жана ушул Регламентте белгиленген талаптарга ылайык келиши керек.

19. Жазуу жүзүндөгү кайрылуу Конституциялык сотко берилет жана ыйгарым укук берилген адам (ыйгарым укук берилген адамдар) тарабынан кол коюлат.

20. Электрондук формадагы кайрылуу мамлекеттик электрондук билдирүүлөр системасы же башка маалыматтык система аркылуу жөнөтүлөт жана белгиленген тартипте санариптик кол тамга менен ырасталат.

21. Кайрылуунун берилүү формасына карабастан, ага конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинде каралган документтер тиркелет.

Кайрылуу өкүл аркылуу берилген учурда, кайрылууга тиркелген ишеним катта арыз берүүчүнүн Конституциялык соттогу кызыкчылыгын коргоого укуктуу экендиги көрсөтүлүүгө тийиш.

22. Электрондук кайрылуу жана ага тиркелген документтер жана башка материалдар аларды кайра чыгарууга, сактоого жана мазмуну менен таанышууга мүмкүндүк берген форматта берилүүгө тийиш.

23. Техникалык себептерден улам электрондук кайрылууну, ага тиркелген документтерди же башка материалдарды кайра чыгаруу же алардын мазмуну менен таанышуу мүмкүн болбогон учурда, кайрылуу аппарат тарабынан ал катталган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде аныкталган кемчиликтердин сүрөттөлүшүн камтыган жазуу жүзүндөгү билдирүү менен бирге арыз ээсине кайтарылып берилиши мүмкүн.

Конституциялык соттун маалыматтык системаларындагы техникалык үзгүлтүк кайрылууну кайтарып берүүгө негиз болуп саналбайт.

# II БӨЛҮМ. КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТ ӨНДҮРҮШҮ

## 6-глава. Кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу, кабыл алуудан баш тартуу же аны кайтаруу тартиби

24. Кайрылуулар Конституциялык сотко келип түшкөн күнү аппарат тарабынан катталат жана аларды аппараттын жетекчиси төрагага өткөрүп берет.

Кайрылууну текшерүү жана аны өндүрүшкө кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө маселени чечүү кайрылуу катталган учурдан тартып отуз

күндөн кечиктирилбестен жүргүзүлөт. Көрсөтүлгөн мөөнөткө Конституциялык соттун тиешелүү аныктамасын даярдоо жана ага кол коюу кирет.

25. Конституциялык соттун төрагасы келип түшкөн кайрылууну текшерүүнү Конституциялык соттун судьяларынын бирине тапшырат.

Ошол эле учурда аппарат Конституциялык соттун төрагасынын тапшырмасына ылайык келип түшкөн кайрылуунун уюштуруучулук жана электрондук коштоосун камсыздайт.

26. Аппараттын жооптуу түзүмдүк бөлүмдөрү кайрылууну текшерүү тапшырылган судьяга текшерүүнү жүргүзүүдө жана аныктаманын долбоорун даярдоодо көмөк көрсөтөт, анын ичинде кайрылуу боюнча аналитикалык маалымкат даярдайт.

27. Аналитикалык маалымкат төмөнкүдөй маалыматтарды камтууга тийиш:

1) кайрылуу дал келүүгө тийиш болгон формалдуу шарттарды (кайрылуунун формасынын жана мазмунунун, ага тиркелген документтердин жана өкүлдүн ыйгарым укуктарынын конституциялык Мыйзамда жана ушул Регламентте белгиленген талаптарга ылайык келүүсү текшерилет);

2) кайрылуунун предмети (талашылып жаткан ченемдик укуктук актынын жоболору же чечмеленүүгө тийиш болгон конституциялык ченемдер, Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө мыйзам долбоорунун жоболору, күчүнө кире элек эл аралык келишимдин жоболору, алардын конституциялуулугу жөнүндө маселе коюлса, мамлекеттик бийлик бутактарынын ортосундагы компетенциялар жөнүндө талаштын мазмуну, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентине каршы айып коюунун белгиленген тартибинин сакталышы) баяндалат;

3) талашылып жаткан жоболордун маңызы (талашылып жаткан ченемдердин же чечмеленүүгө тийиш болгон конституциялык ченемдердин мазмуну кыскача баяндалат);

4) кайрылуунун субъектисинин пикири боюнча бузулуп жаткан Конституциянын ченемдери;

5) кайрылуунун субъектисинин аргументтери (кайрылууда коюлган маселелердин, ошондой эле кайрылуунун субъектисинин пикири боюнча ишти чечүүдө колдонулууга тийиш болгон маалыматтардын маңызы так жана кыскача баяндалат);

6) кайрылуунун предметине тиешелүү тыянактар (талашылып жаткан ченемдин максаты жана мыйзамдардын башка жоболору менен өз ара байланышы көрсөтүлөт; талашылып жаткан ченем кайрылуунун субъекти келтирген конституциялык ченемдердин өңүтүндө каралат);

7) эл аралык булактарга шилтеме (эл аралык актылардын ченемдери, эл аралык уюмдардын корутундулары, башка мамлекеттердин конституциялык сотторунун тажрыйбасы, кайрылуунун предметине тиешелүү болгон учурда келтирилет);

8) Конституциялык соттун (Конституциялык палатанын) укуктук позициялары (кайрылуу предметине окшош же мазмуну бирдей маселе боюнча Конституциялык соттун чечимдеринен же корутундуларынан жоболор келтирилет);

9) маңызы жана жол-жоболор боюнча корутундулар (талашылып жаткан жоболор менен конституциялык ченемдердин ортосундагы себептик (системалык) байланыш, ошондой эле кайрылууну берүүдө процессуалдык жана формалдуу талаптардын сакталышы көрсөтүлөт).

28. Кайрылууну текшерүү тапшырылган судья кайрылууну жана ага тиркелген документтерди изилдейт, коюлган талаптардын предметин аныктайт жана конституциялык Мыйзамдын жана ушул Регламенттин талаптарынын сакталышын, ошондой эле кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу же аны кабыл алуудан баш тартуу үчүн негиздердин бар-жоктугун текшерет.

Эгерде кайрылууда өз алдынча бир нече талап камтылса, текшерүү алардын ар бирине карата жүргүзүлөт.

Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча судья кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу же аны толугу менен же бөлүгүндө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө жүйөлөштүрүлгөн сунушту даярдайт.

29. Кайрылуу катталган учурдан тартып он беш календардык күндөн кечиктирбестен, аны текшерүү тапшырылган судья Конституциялык соттун судьяларына таанышуу үчүн кайрылууну, ага тиркелген документтерди, аналитикалык маалымкатты жана өзүнүн жүйөлөштүрүлгөн сунушун берүүнү камсыздайт.

Материалдардын даяр болуусуна жараша судья аппараттын көмөктөшүүсү менен маселени Конституциялык сот тарабынан кароону уюштурат, аны кароо убактысын макулдашат жана кошумча даярдалган материалдардын берилишин камсыз кылат.

30. Кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу же аны кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө маселени кароо кайрылууну текшерүү тапшырылган судьянын баяндамасынан башталат.

Судья кайрылуунун предметин, коюлган талаптардын мазмунун, текшерүүнүн жыйынтыктарын жана кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу же аны кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө жүйөлөштүрүлгөн сунушун баяндайт.

Талкуунун жүрүшүндө судьялар суроолорду берүүгө, сын-пикирлерди жана сунуштарды айтууга, башка тыянактарды жана аларды кабыл алуунун негиздерин сунуштоого укуктуу. Сунушталган тыянакка каршы пикирлер жүйөлүү болууга тийиш.

Талкуулоонун жыйынтыгы боюнча кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу же аны кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө тыянак жана добуш берүүгө коюлуучу бул тыянактын негизги укуктук негиздери түзүлөт.

Добуш берүү конституциялык Мыйзамдын 49-беренесинде белгиленген тартипте өткөрүлөт. Чечим Конституциялык соттун жыйналышка катышкан судьяларынын санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Добуштар тең болгон учурда төрагалык кылуучунун добушу чечүүчү болуп саналат.

Добуш берүүгө коюлган маселелер жана добуш берүүнүн жыйынтыктары конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте кеңешменин протоколунда жазылат.

31. Маселени кароонун жыйынтыгы боюнча кайрылууну текшерүү тапшырылган судья аныктаманын жүйөлөштүрүлгөн текстин даярдайт жана маселени кароого катышкан судьяларга таанышуу, ошондой эле пикирлерин жана сунуштарын киргизүү үчүн берет.

Аныктаманын текстинде Конституциялык сот кабыл алган тыянак жана сот тарабынан колдоого алынган укуктук негиздер чагылдырылууга тийиш.

Текст ушул Регламенттин 24-пунктунда белгиленген мөөнөттүн чегинде пикирлерди кароо, жеткире иштеп чыгуу, макулдашуу жана аныктамага кол коюу үчүн зарыл болгон убакытты эске алуу менен даярдалат жана берилет.

32. Келип түшкөн пикирлер жана сунуштар аныктаманын текстин даярдаган судья тарабынан каралат жана аны толуктап иштеп чыгууда эске алынат. Редакциялык жана техникалык оңдоолор Конституциялык сот тарабынан кабыл алынган тыянакты жана сот тарабынан колдоого алынган укуктук негиздерди өзгөртпөшү керек.

Аныктаманын жеткире иштелип чыккан тексти маселени кароого катышкан судьяларга макулдашуу үчүн, анын ичинде Конституциялык соттун ЭДСин пайдалануу менен, сурамжылоо тартибинде жөнөтүлөт. Ар бир судья берилген редакцияга жазуу жүзүндө макулдугун же макул эместигин билдирет. Макул болбогон учурда судья каршы пикир жараткан конкреттүү жоболорду жана макул эместигинин жүйөлөрүн көрсөтөт.

Аныктаманын текстинин мазмуну жана анын добуш берүүнүн натыйжаларына шайкештиги боюнча келишпестиктер маселени кароого

катышкан судьялардын биргелешкен талкуусуна чыгарылат. Талаштуу жоболор конституциялык Мыйзамдын 49-беренесинде белгиленген тартипте добуш берүү менен чечилет, андан кийин текст добуш берүүнүн жыйынтыгына ылайык келтирилет жана кол коюу үчүн судьяларга берилет.

Судьянын добуш берүүдө мурда каралып, колдоого алынган тыянакка же укуктук негиздерге макул эместиги өзүнөн-өзү аныктаманы тариздөөнү аяктоого тоскоолдук кылбайт жана өзгөчө пикирде билдирилиши мүмкүн.

Текстти сурамжылоо тартибинде макулдашуу аныктаманы кабыл алуу боюнча добуш берүүнү алмаштырбайт жана анын жыйынтыктарын өзгөртө албайт.

33. Добуш берүүнүн жыйынтыктарына ылайык тариизделген аныктама маселени кароого катышкан бардык судьялар тарабынан кол коюлат жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

Судьянын кабыл алынган аныктамага же анын жүйөлөштүрүүсүнө макул эместиги ага кол коюудан баш тартууга негиз болуп саналбайт.

34. Кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу же аны кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктамага, анын ичинде анын жүйөлөштүрүүсүнө макул болбогон судья өзгөчө пикирин жазуу жүзүндө билдирүүгө укуктуу.

Өзгөчө пикир жүйөлөштүрүлгөн болууга жана судья макул болбогон аныктаманын тыянактарын же укуктук негиздерин, анын позициясын жана анын укуктук негиздемесин камтууга тийиш.

Өзгөчө пикир өзүнчө документ катары тариизделет, судья тарабынан кол коюлат жана аныктамага кол коюлган күндөн тартып он жумуш күндүн ичинде берилет. Өзгөчө пикир кайрылуунун материалдарына тиркелет.

Өзгөчө пикирди даярдоо аныктамага кол коюуну, анын күчүнө киришин жана арыз ээсине жөнөтүлүшүн токтото турбайт.

35. Эгерде кайрылууда өз алдынча бир нече талап камтылса, Конституциялык сот конституциялык Мыйзамда каралган негиздер болгон учурда аны тиешелүү бөлүгүндө өндүрүшкө кабыл алууга жана калган талаптарды кабыл алуудан баш тартууга укуктуу.

Аныктамада өндүрүшкө кабыл алынган талаптар жана кабыл алуудан баш тартылган талаптар тиешелүү негиздерин көрсөтүү менен баяндалат.

36. Кайрылуудан баш тартуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү арыз Конституциялык сот тарабынан аны өндүрүшкө кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу маселеси чечилгенге чейин келип түшкөн учурда, кайрылуу арыз ээсине кайтарылат.

Кайрылууну кайтарып берүү аны текшерүү тапшырылган судьянын тапшырмасы боюнча аппарат тарабынан жүзөгө ашырылат жана аппараттын жетекчисинин колу коюлган коштомо кат менен таризделет.

Арыз ээси өз алдынча талаптардын бир бөлүгүнөн баш тарткан учурда, калган талаптарды кароо белгиленген тартипте улантылат.

Кайрылуунун кайтарылышы арыз ээсин ошол эле талап менен жана ошол эле негиздер боюнча Конституциялык сотко кайрадан кайрылуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратпайт.

37. Конституциялык соттун аныктамасынын күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү ага кол коюлган күндөн тартып үч жумуш күндөн кечиктирилбестен аппарат тарабынан арыз ээсине жөнөтүлөт.

Кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылган учурда аныктаманын көчүрмөсү кайрылууга тиркелген материалдар менен бирге жөнөтүлөт. Алардын түп нускалары, анын ичинде электрондук түрдөгү нускасы Конституциялык сотто сакталат.

Кайрылуу тиешелүү бөлүгүндө өндүрүшкө кабыл алынган учурда кабыл алынган талаптарды кароо үчүн зарыл болгон материалдар кайтарылууга жатпайт.

38. Кайрылуу өндүрүшкө кабыл алынган учурда аны текшерүү тапшырылган судья ишти судья-баяндамачы катары кароого даярдоону жүзөгө ашырат.

## 7-глава. Ишти кароого даярдоо жана дайындоо

39. Өндүрүшкө кабыл алынган кайрылуу боюнча судья-баяндамачы ишти кароого даярдоону төмөнкү мөөнөттөрдө жүзөгө ашырат:

1) Конституцияны расмий чечмелөө жөнүндө иштер, ошондой эле судьянын (судьялардын) суроо-талабы боюнча иштер — бир айлык мөөнөттө;

2) Кыргыз Республикасынын Президентине каршы айып коюунун белгиленген тартибин сактоо жөнүндө корутунду берүү тууралуу иштер – эки жумалык мөөнөттө;

3) мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндө иштер, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, Кыргыз Республикасы үчүн күчүнө кире элек эл аралык келишимдердин конституциялуулугу жөнүндө корутунду берүү тууралуу иштер, мамлекеттик бийлик бутактарынын ортосундагы компетенциялар жөнүндө талаштарды чечүү жөнүндө иштер, ошондой эле Конституцияга

өзгөртүүлөр жана толуктоолор жөнүндө мыйзам долбооруна корутунду берүү тууралуу иштер - эки айлык мөөнөттө.

40. Судья-баяндамачы ишти даярдоо процессинде:

1) иш боюнча тараптарды аныктайт, аларга конституциялык Мыйзамда каралган алардын процессуалдык укуктарын жана милдеттерин жазуу жүзүндө түшүндүрөт;

2) зарыл болгон учурда тараптарды, кызмат адамдарын жана башка адамдарды, анын ичинде онлайн режиминде сурамжылайт;

3) ишке тиешелүү кошумча зарыл документтерди жана башка маалыматтарды талап кылуу жөнүндө аныктама чыгарат;

4) зарыл болгон учурда жыйналышка чакырылуучу күбөлөрдүн, эксперттердин жана үчүнчү жактардын чөйрөсүн аныктайт;

5) ар башка жактардын өз ара байланышкан талаптарын бир сот өндүрүшүнө бириктирүү жөнүндө же болбосо бир кайрылууда билдирилген караштуу болбогон талаптарды бөлүү жөнүндө аныктама чыгарат;

6) ишти Конституциялык соттун жыйналышында кароого дайындоо жөнүндө аныктама чыгарат, жыйналыштын катышуучуларына кабарлайт жана зарыл болгон адамдардын катышуусун камсыз кылат;

7) колдо болгон материалдардын негизинде актынын долбоорун даярдайт;

8) ишти маңызы боюнча чечүүнү камсыз кылуу үчүн башка аракеттерди жасайт.

41. Эгерде ишти кароого даярдоо жана дайындоо онлайн режиминде жүзөгө ашырылса, катышуучуларга туташуунун техникалык шарттары, катышуунун тартиби, ошондой эле алардын катышуусун, анын ичинде аларга түшүндүрмө берүүнү, аларды сурамжылоону жана катышуунун башка түрлөрүн жаздыруу жөнүндө маалымат берилет.

42. Көрсөтүлгөн талаптардын өзгөчө татаалдыгын же болбосо алардын өзгөчө маанилүүлүгүн эске алуу менен судья-баяндамачынын жазуу жүзүндөгү жүйөлөштүрүлгөн кайрылуусунун негизинде ишти кароого даярдоо Конституциялык соттун төрагасы тарабынан бир нече судьяга жүктөлүшү мүмкүн.

43. Ишти даярдоо бир нече судьяга тапшырылган учурда Конституциялык соттун төрагасы судья-баяндамачынын жазуу жүзүндөгү жүйөлөштүрүлгөн кайрылуусу келип түшкөн күндөн тартып үч жумуш күнүнөн кечиктирбестен тиешелүү тескеме чыгарат. Ишти даярдоо тапшырылган судьялар өз ара тапшырмаларды бөлүштүрүү тартибин аныктайт.

44. Судья-баяндамачы ишти кароого даярдоону жүзөгө ашырууда Конституциялык соттун аппаратына тиешелүү тапшырмаларды берүүгө укуктуу.

45. Судья-баяндамачы жана Конституциялык сот ишти кароого даярдоонун жүрүшүндө конституциялык Мыйзамдын 37-беренесинде каралган үчүнчү жактардын пикирлерин, аларды берүүнүн мөөнөттөрүн көрсөтүү менен суратып алууга укуктуу. Пикирлер белгиленген мөөнөттө берилбесе, бул жагдай кайрылууну кароого тоскоолдук болуп саналбайт.

46. Документтерди жана башка материалдарды талап кылуу зарыл документтердин жана материалдардын аталыштарын, ошондой эле аларды берүүнүн мөөнөттөрүн көрсөтүү менен тиешелүү органдарга, уюмдарга же кызмат адамдарына кат жөнөтүү жолу менен жүзөгө ашырылат. Жазуу жүзүндөгү талапка судья-баяндамачы кол коет жана ал аткарылууга милдеттүү.

47. Судья-баяндамачынын чечими боюнча Конституциялык сотко келип түшкөн үчүнчү жактардын пикирлери тараптарга билдирилет, алар өздөрүнүн комментарийлерин берүүгө укуктуу.

48. Ишти Конституциялык соттун жыйналышында кароого даярдоо процессинде экспертизаны дайындоо судья-баяндамачы тарабынан аныктама чыгаруу жолу менен жүргүзүлөт.

Судья-баяндамачы аныктамада эксперттерге суроолорду түзөт жана эксперттик корутундуну берүүнүн мөөнөтүн аныктайт.

49. Экспертиза жүргүзүү каралып жаткан иштин предметине байланыштуу маселелер боюнча атайын билимге ээ эксперттик мекемелерге же эксперттерге тапшырылат. Соттук-эксперттик уюмдар тарабынан жүргүзүлбөгөн экспертизалардын айрым түрлөрүн өткөрүү үчүн мыйзамдарда белгиленген тартипте тиешелүү билими бар башка адистер тартылышы мүмкүн.

50. Эксперттин корутундусу Конституциялык сот үчүн милдеттүү эмес. Конституциялык сот аны баалоодо Конституцияны гана жетекчиликке алып, иштин бардык жагдайларын ар тараптуу кароого негизделген өзүнүн ички ынанымына таянат.

51. Судья-баяндамачынын жана Конституциялык соттун суроо-талаптарына мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка уюмдар тарабынан берилген жоопторго тиешелүү органдын (уюмдун) жетекчиси же бул документтерге кол коюуга ыйгарым укуктуу башка адам кол коюуга тийиш.

52. Судья-баяндамачы кайрылуунун предметин, коомдук органдардын пикирлерин, улуттук жана эл аралык соттук тажрыйбанын доктринасынан келип чыккан чечимдерди, ошондой эле ар кандай башка зарыл материалдарды талдап чыгып, жыйынтыктоочу актынын долбоорун түзөт.

53. Ишти даярдоо аяктагандан кийин судья-баяндамачы жыйынтыктоочу актынын долбоорун электрондук түрдө бардык судьяларга өз пикирлерин жана

сунуштарын киргизүү үчүн жөнөтөт. Эгерде конституциялык Мыйзамда тиешелүү категориядагы иштерди даярдоо жана кароо үчүн башкача мөөнөт белгиленбесе, долбоор соттук жыйналыш өткөрүлө турган күнгө чейин он күндөн кечиктирилбестен жөнөтүлөт.

54. Конституциялык соттун төрагасы жыйынтыктоочу актынын долбоорунун концептуалдык жоболорун талкуулоо үчүн жыйналыш өткөрүлүүчү күнгө чейин судьялардын кеңешмесин чакыра алат.

55. Кайрылуу бардык алынган документтер жана материалдар, эксперттик корутундулар менен бирге иште системалаштырылат.

Кайрылуу боюнча иш кагаз жана электрондук түрдө түзүлөт, толукталат жана сакталат. Ишти түзүү, архивдөө жана сактоо аппарат тарабынан Иш кагаздарын жүргүзүү боюнча нускамага жана «Кыргыз Республикасынын улуттук архив фонду жөнүндө» Мыйзамга ылайык камсыз кылынат.

56. Ишти жазуу жүзүндөгү жол-жобо боюнча кароого даярдоодо ушул Регламенттин 39–54-пункттары колдонулат.

## 8-глава. Тараптар жана алардын өкүлдөрү үчүн маалыматтын жана иштин материалдарынын жеткиликтүүлүгү

57. Тараптар жана алардын өкүлдөрү иштин материалдары менен таанышууга, алардан үзүндүлөрдү жазып алууга, көчүрмөлөрүн алууга, далилдерди берүүгө жана аларды изилдөөгө катышууга укуктуу.

58. Иштин материалдары менен таанышуу жана алардын көчүрмөлөрүн берүү тараптын же анын өкүлүнүн арызы боюнча, арыз ээсинин инсандыгын ырастоочу документтерди, ал эми өкүл кайрылган учурда - ошондой эле анын ыйгарым укуктарын ырастоочу документтерди текшергенден кийин, аппарат тарабынан камсыз кылынат.

Аппараттын жоопту кызматкери таанышуу убактысын арыз ээси менен макулдашат жана таанышуунун өзүнүн катышуусунда өткөрүлүшүн камсыз кылат.

59. Ушул Регламенттин 60-пунктунда каралган чектөөлөрдү эске алуу менен, айрым документтер менен таанышууга же алардын көчүрмөлөрүн берүүгө байланыштуу маселелер келип чыккан учурда, аппарат тиешелүү арызды чечүү үчүн судья-баяндамачыга берет. Арыз ээсине кабыл алынган чечим жана жеткиликтүүлүктү чектөөнүн негиздери жөнүндө жазуу жүзүндө билдирилет.

60. Аналитикалык маалымкаттар, корутундулар, аныктамалардын долбоорлору жана ишти кароого даярдоонун жүрүшүндө түзүлгөн башка

актылар, ошондой эле купуя документтер менен таанышуу жөнүндө арыздар четке кагылат.

Көрсөтүлгөн чектөө конституциялык сот өндүрүшүнүн катышуучулары тарабынан берилген жана иштин материалдарына тиркелген эксперттик корутундуларга, түшүндүрмөлөргө, пикирлерге жана башка документтерге карата колдонулбайт.

Мамлекеттик же мыйзам менен корголуучу башка сырды камтыган материалдар менен таанышуу жана алардын көчүрмөлөрүн берүү тиешелүү маалыматтарды коргоо жөнүндө мыйзамдардын талаптарын сактоо менен жүзөгө ашырылат.

## 9-глава. Конституциялык сотто иштерди кароонун тартиби

### §1. Иштерди оозеки соттук жыйналыштарда кароо

61. Өндүрүшкө кабыл алынган кайрылуулар Конституциялык соттун жыйналыштарынын календарына киргизилет.

62. Соттук жыйналыштын убактысы жана орду жөнүндө аппараттын жетекчисинин колу коюлган кабарлама катышуучуларга жыйналыш башталганга чейин он күндөн кечиктирбестен жөнөтүлөт.

Соттук жыйналыш онлайн режиминде өткөрүлгөн учурда катышуучулар туташуунун тартиби жана техникалык шарттары, ошондой эле аудио- жана видеожазуу каражаттарынын колдонулушу жөнүндө кабарланат.

63. Өзгөчө учурларда процесстин катышуучулары кыска мөөнөттүн ичинде кабарланышы мүмкүн.

64. Конституциялык сотто иштерди кароо Конституциялык соттун төрагасынын жетекчилиги астында соттук жыйналыштарда жүзөгө ашырылат.

Төрага болбогон учурда же анын тапшырмасы боюнча Конституциялык соттун төрагасынын милдеттерин Конституциялык соттун төрагасынын орун басары аткарат.

Конституциялык соттун төрагасы жана төраганын орун басары жок болгон учурда төраганын милдеттерин Конституциялык соттун судьяларынын чогулушу ушул милдеттерди жүктөгөн судья убактылуу аткарат.

65. Конституциялык соттун судьялары соттук жыйналышты өткөрүү үчүн дайындалган убакта соттук жыйналыштар залына киришет жана өз орундарын ээлешет.

66. Ишти маңызы боюнча кароо башталганга чейин төрагалык кылуучу:

1) Конституциялык соттун жыйналышын өткөрүү үчүн кворумдун бар экендигин жана анын протоколдолушу камсыз кылынгандыгын тактайт;

2) Конституциялык соттун жыйналышын ачат жана карала турган ишти жарыялайт;

3) Конституциялык соттун курамын жарыялайт;

4) соттук жыйналыштын катчысына жыйналышка чакырылган катышуучулардын, күбөлөрдүн, эксперттердин, зарыл болгон учурда котормочунун жана үчүнчү жактардын келгендиги, ошондой эле келбеген адамдардын келбей калуу себептери жөнүндө маалымат берүү үчүн сөз берет. Тараптын же анын өкүлүнүн Конституциялык соттун жыйналышына келбей калышы, ишти анын катышуусунда кароо жөнүндө өтүнүч берилген жана келбей калуунун жүйөлүү себеби ырасталган учурларды кошпогондо, ишти кароого тоскоолдук кылбайт;

5) тараптардын жана алардын өкүлдөрүнүн ыйгарым укуктарын текшерет;

6) тараптарга алардын укуктарын жана милдеттерин, ал эми чакырылган адамдарга алардын милдеттерин жана жоопкерчилигин түшүндүрөт;

7) жыйналыштын катышуучуларынан кошумча күбөлөрдү, эксперттерди чакыруу, кошумча материалдарды талап кылуу жөнүндө өтүнүчтөрдүн, ошондой эле жыйналыштын жүрүшүндө келип чыккан башка маселелер боюнча өтүнүчтөрдүн бар-жогун тактайт жана аларды Конституциялык соттун кароосуна коет;

8) ишти маңызы боюнча кароонун башталышы жөнүндө жарыялайт.

67. Жазуу жүзүндө келип түшкөн өтүнүчтөр жарыя кылынат жана иштин материалдарына тиркелет.

Оозеки өтүнүчтөр соттук жыйналыштын протоколуна киргизилет. Берилген өтүнүчтөр Конституциялык сот тарабынан кеңешүүчү бөлмөдө ишти карап жаткан судьялардын курамынын көпчүлүк добушу менен чечилет.

68. Ар бир ишти маңызы боюнча кароо төрагалык кылуучунун судья-баяндамачыга сөз берүүсү менен башталат.

Судья-баяндамачы иштин маңызын, аны кароонун себебин жана негиздерин, колдо болгон материалдардын мазмунун баяндайт жана Конституциялык соттун судьялары койгон суроолорго жооп берет.

69. Судья-баяндамачынын сөзүн уккандан кийин төрагалык кылуучу Конституциялык сотко сунуштама, өтүнүч менен кайрылган тарапка (өкүлгө) каралып жаткан иштин маңызы боюнча түшүндүрмөлөрдү берүүнү сунуштайт, андан кийин башка тараптын түшүндүрмөлөрүн угат.

Тарап каралып жаткан иштин маңызы боюнча өзүнүн көз карашын негиздөө үчүн укуктук аргументтерди жана далилдерди келтирүүгө милдеттүү.

Төрагалык кылуучу тараптарга бири-бирине жана процесстин башка катышуучуларына суроо берүү мүмкүнчүлүгүн берет, андан кийин Конституциялык соттун судьялары тарабынан суроолор берилет. Соттук жыйналыштын жүрүшүндө коюлган суроолордун жол берилиши төрагалык кылуучу тарабынан аныкталат.

70. Эгерде Конституциялык соттун соттук жыйналышында тараптын бир нече өкүлү катышса жана алардын ортосунда чыгып сүйлөй турган маселелер бөлүштүрүлгөн болсо, төрагалык кылуучу бардык өкүлдөргө сөз бере алат.

Бул эреже корутунду сөз сүйлөө укугун берүү тартибине да колдонулат.

71. Сот өндүрүшү жүргүзүлүп жаткан тилди билбеген адамдарга котормочунун кызматын пайдалануу укугу кепилденет.

Конституциялык сот тарабынан конституциялык Мыйзамдын 14-беренесине ылайык дайындалган, тексттерди жана оозеки сүйлөөнү которуу үчүн зарыл болгон тилдерди эркин билген адам котормочу болуп саналат.

Котормочу Конституциялык соттун чакыруусу боюнча келүүгө жана өзүнө тапшырылган котормону толук жана так аткарууга милдеттүү.

72. Күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүн, эксперттердин корутундуларын угуудан мурда төрагалык кылуучу алардын өздүгүн аныктайт жана аларга көрсөтмө берүүдөн баш тарткандыгы, ошондой эле атайылап жалган көрсөтмө же корутунду бергендиги үчүн мыйзамда каралган кылмыш-жаза жоопкерчилиги жөнүндө жазуу жүзүндө эскертет, ал эми котормочуга атайылап туура эмес котормо жасагандыгы үчүн жоопкерчилик жөнүндө эскертет.

Күбөлөрдү жана эксперттерди угуунун ырааттуулугун, ошондой эле аларга суроолорду биринчи берүү укугу кайсы тарапка берилерин Конституциялык соттун соттук жыйналышында төрагалык кылуучу аныктайт.

Судьялар төрагалык кылуучунун уруксаты менен күбөнү же экспертти сурамжылоонун каалаган учурунда аларга суроолорду берүүгө укуктуу.

Төрагалык кылуучу каралып жаткан иштин маңызына тиешеси жок ар кандай суроону алып салууга укуктуу.

73. Соттук жыйналышта сотко берилген документтердин мазмуну угузулушу же алар көрүп таанышуу үчүн берилиши мүмкүн. Берилген документтердин аныктыгы судья-баяндамачы тарабынан текшерилүүгө тийиш. Аныктыгы күмөн жараткан документтердин мазмуну угузулбайт жана алар көрүп таанышууга берилбейт. Изилденген документтер Конституциялык соттун чечими боюнча иштин материалдарына түп нускада же күбөлөндүрүлгөн көчүрмөдө тиркелет.

74. Конституциялык сот иштин материалдарын изилдеп чыккандан кийин тараптардын корутунду сөздөрүн угат.

Конституциялык соттун төрагасы судьялар менен макулдашып, тараптарга корутунду сөз сүйлөөгө чейин убакыт бере алат.

Корутунду сөз угулгандан кийин төрагалык кылуучу соттук териштирүү аяктагандыгын жана судьялардын кеңешүүчү бөлмөгө чыгарын жарыялайт.

75. Эгерде Конституциялык сот тараптардын корутунду сөзүнөн кийин ишти чечүү үчүн маанилүү болгон кошумча жагдайларды тактоо же жаңы далилдерди изилдөө зарыл деп тапса, маселени кароону кайра баштоо жөнүндө аныктама чыгарат.

Кошумча териштирүү аяктагандан кийин тараптар жаңы жагдайларга жана далилдерге байланыштуу гана кайталап корутунду сөз сүйлөөгө укуктуу.

76. Конституциялык соттун соттук жыйналыштарына каралып жаткан ишти даярдоого түздөн-түз катышкан аппараттын кызматкерлери катышат.

77. Конституциялык соттун соттук жыйналышы соттук жыйналыштын катчысы тарабынан протоколдоштурулат, анын функцияларын аппараттын кызматкери аткарат.

78. Жыйналыштын протоколу төмөнкү маалыматтарды камтууга тийиш:

1) соттук жыйналышты өткөрүүнүн орду жана убактысы жөнүндө;

2) иштин аталышы жөнүндө;

3) ишти карап жаткан судьялардын курамы жөнүндө;

4) соттук жыйналыштын катчысы жөнүндө;

5) процесстин катышуучулары жөнүндө;

6) күбөлөр, эксперттер жана котормочу жөнүндө;

7) билдирилген өтүнүчтөр жөнүндө маалыматтар жана аларды кароонун натыйжалары;

8) аудио- жана видеофиксациялоонун техникалык каражаттарын колдонуу жөнүндө маалыматтар.

79. Соттук жыйналыштын жүрүшү аудио- жана видеожазуу каражаттарынын жардамы менен жазылат. Толук жана кайра чыгарууга жарактуу жазуу болгон учурда жыйналыштын катышуучуларынын сүйлөгөн сөздөрүн, суроолорду жана жоопторду, ошондой эле процессуалдык иш-аракеттердин ырааттуулугун жазуу жүзүндөгү протоколдо кеңири баяндоо талап кылынбайт.

Протокол жана аудио- жана видеожазуулар иштин материалдарына тиркелет. Аппарат жазуулардын сакталышын жана аларды кайра чыгаруу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

Техникалык үзгүлтүк аныкталган учурда соттук жыйналыштын катчысы бул тууралуу төрагалык кылуучуга дароо кабарлайт. Эгерде ишти кароо техникалык жазуусуз улантылып жатса, анда жазуу менен камтылбаган мезгилде

сүйлөгөн сөздөрдүн жана процессуалдык иш-аракеттердин негизги мазмуну жазуу жүзүндөгү протоколдо чагылдырылат.

Ачык соттук жыйналыштын аудио- жана видеожазуулары Конституциялык соттун расмий сайтына жана башка маалымат ресурстарына мыйзамдардын талаптарын сактоо менен жайгаштырылышы мүмкүн.

80. Протокол соттук жыйналыш аяктагандан кийин беш жумуш күндөн кечиктирилбестен түзүлүүгө тийиш. Протоколго төрагалык кылуучу жана соттук жыйналыштын катчысы кол коет.

81. Конституциялык соттун судьялары соттук жыйналыштын протоколу жана иштин материалдары менен таанышууга укуктуу.

Процесстин катышуучуларынын жана башка адамдардын соттук жыйналыштын протоколу менен таанышуусу, анын көчүрмөлөрүн берүү жана андан үзүндүлөрдү тариздөө судья-баяндамачынын уруксаты менен аппарат тарабынан камсыз кылынат.

82. Ушул параграфта каралган жоболор аралыктан катышуунун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ишти онлайн режиминде кароодо да колдонулат.

## § 2. Жабык жыйналыштар

83. Конституциялык Мыйзамдын 41-беренесинде каралган негиздер болгон учурда, Конституциялык сот жабык жыйналышты өткөрүү жөнүндө жүйөлөштүрүлгөн аныктама чыгарат.

Аныктама жабык жыйналыш башталганга чейин ачык жарыяланат. Аныктаманын чыгарылгандыгы жана жарыялангандыгы жөнүндө маалыматтар соттук жыйналыштын протоколунда чагылдырылат.

84. Жабык жыйналышта ишти угуу конституциялык сот өндүрүшүнүн бардык эрежелерин сактоо менен өткөрүлөт.

85. Тиешелүү жашыруундук грифи коюлган документтерди кароого байланыштуу жабык жыйналыштарды өткөрүү жашыруун документтер менен иштөөнүн белгиленген эрежелерин сактоо менен жүзөгө ашырылат.

86. Жабык жыйналыштардын жазуулары Конституциялык сотто жашыруундук режимин сактоо менен сакталат.

## § 3. Конституциялык соттун соттук жыйналышындагы этикет

87. Конституциялык соттун оозеки соттук жыйналыштары Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби, Мамлекеттик желеги жана Кыргыз

Республикасынын Конституциясы коюлган, атайын жабдылган залда салтанаттуу шартта өткөрүлөт.

Конституциялык соттун судьялары мантия кийип отурушат.

88. Конституциялык соттун судьялары соттук жыйналыштар залына киришкенде, ошондой эле алар залдан чыгышканда бардык катышуучулар ордунан турушат.

89. Соттук жыйналыштын катышуучулары төрагалык кылуучунун уруксаты менен туруп, сотко кайрылышат, түшүндүрмө беришет жана сөз сүйлөшөт.

Бул эрежеден чегинүү соттун уруксаты менен болушу мүмкүн.

Соттук жыйналыштын катышуучулары судьяларга суроо берүүгө укуксуз.

90. Конституциялык сотко жана судьяларга расмий кайрылуунун формалары тиешелүүлүгүнө жараша: “Урматтуу сот”, “Кадырлуу сот” же “Урматтуу төрагалык кылуучу”, “Урматтуу судья” болот.

91. Тараптарга жана процесстин башка катышуучуларына кайрылууда, ошондой эле чыгып сүйлөөдө аларды атоодо төмөнкү сөз айкалыштары колдонулат: «Урматтуу тарап», «Урматтуу тараптын өкүлү», «Урматтуу күбө», «Урматтуу эксперт».

Кайрылуу даректелген адамды тактоо зарыл болгон учурда процесстин тиешелүү катышуучусунун фамилиясы да көрсөтүлөт.

92. Залдагы процесстин катышуучулары, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү, башка жарандар төмөндөгүлөргө милдеттүү:

1) Конституциялык сотко, тараптарга, процесстин башка катышуучуларына жана бири-бирине карата сый-урмат мамиле кылууга;

2) соттук жыйналыштар залында белгиленген тартипти сактоо жөнүндө төрагалык кылуучунун тескөөлөрүнө баш ийүүгө;

3) Конституциялык соттун соттук жыйналышы жүрүп жаткан учурда залда баспоого, сүйлөшпөөгө, репликага жол бербөөгө, ошондой эле жыйналыштын нормалдуу өтүшүнө кандайдыр бир башка тоскоолдуктарды жаратпоого;

4) видео тартуу жана аудио жазууну Конституциялык соттун төрагасынын уруксаты менен жүргүзүүгө.

93. Тараптар, алардын өкүлдөрү жана процесстин башка катышуучулары Конституциялык соттун соттук жыйналышында сүйлөгөн сөздөрүн кандайдыр бир саясий билдирүүлөр, улуттук, расалык, диний кастыкты, гендердик жана башка социалдык үстөмдүктү пропагандалоо, басмырлоого, кастыкка же зомбулукка чакырык таштоо үчүн пайдаланууга укуксуз.

94. Эгерде чыгып сүйлөп жаткан адам каралып жаткан маселенин алкагынан чыкса же анын сөзү же репликасы формасы же мазмуну боюнча

мазактоочу же орунсуз болсо, соттук жыйналышта белгиленген тартипти бузса же сотко сыйлабастык көрсөтсө, төрагалык кылуучу тараптын, анын өкүлүнүн же соттук жыйналыштын башка катышуучусунун сөзүн токтотууга укуктуу.

Конституциялык соттун соттук жыйналыштары аяктагандан кийин сот имаратында Конституциялык соттун өкүлдөрү гана басма сөз үчүн билдирүү жасай алышат. Кайрылуу субъекттери жана процесстин башка катышуучулары Конституциялык соттун уруксаты менен гана сот имаратында басма сөз үчүн билдирүү жасай алышат.

95. Соттук жыйналышта анын катышуучуларынын же катышып жаткан адамдардын көрсөтүлгөн талаптарды бузуусу сотту сыйлабастык катары каралат жана конституциялык Мыйзамдын 47-беренесинин негизинде аларды соттук жыйналыштар залынан чыгарууга же мыйзамдарга ылайык административдик жоопкерчиликке тартууга алып келиши мүмкүн.

96. Эгерде соттук жыйналыш онлайн режимде өткөрүлүп жатса, төрагалык кылуучу тартипти бузгандыгы үчүн микрофонду өчүрүүгө же онлайн жыйналыштан алып салууга укуктуу.

## § 4. Соттук жыйналышта тартипти камсыз кылуу

97. Конституциялык соттун соттук жыйналыштарында тартипти сактоо сот приставдары кызматынын бөлүмдөрү тарабынан камсыз кылынат. Залда белгиленген тартипти сактоо боюнча алардын талаптары бардык катышып жаткан адамдар үчүн милдеттүү.

Сот приставдары төрагалык кылуучуга баш ийишет.

98. Сот приставдары кызматынын бөлүмү менен өз ара аракеттенүүнү аппараттын тиешелүү түзүмдүк бөлүмү камсыз кылат.

## § 5. Иштерди жазуу жүзүндөгү жол-жобо боюнча кароо

99. Жазуу жүзүндөгү процесс – конституциялык Мыйзамдын 38-беренесинин 2-бөлүгүндө аныкталган иштердин категориялары боюнча соттук процесстин катышуучулары жок учурда өткөрүлүүчү Конституциялык соттун сот жыйналышы.

100. Жазуу жүзүндөгү жол-жобо боюнча кароо иштердин төмөнкү категориялары боюнча жүргүзүлөт:

1) Конституцияны расмий чечмелөө жөнүндө;

2) Кыргыз Республикасы үчүн күчүнө кире элек эл аралык келишимдердин конституциялуулугу жөнүндө корутунду берүү тууралуу;

3) мамлекеттик бийликтин бутактарынын ортосундагы компетенциялар жөнүндө талаштарды чечүү тууралуу;

4) Конституцияга өзгөртүүлөр жана толуктоолор жөнүндө мыйзам долбооруна корутунду берүү тууралуу;

5) Президентке каршы айып коюунун белгиленген тартибин сактоо жөнүндө корутунду берүү тууралуу;

6) иштин чечилиши көз каранды болгон ченемдик укуктук актынын конституциялуулугу жөнүндө маселе келип чыккан учурда судьянын (судьялардын) кайрылуусу боюнча;

7) Конституциялык соттун чечимин кайра кароо боюнча;

8) Конституциялык соттун чечимине, корутундусуна түшүндүрмө берүү жөнүндө.

101. Ушул Регламенттин 100-пунктунда көрсөтүлгөн иштер, оозеки соттук териштирүүнүн зарылдыгы Конституциялык соттун өз демилгеси боюнча же конституциялык сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын өтүнүчү боюнча таанылган учурларды кошпогондо, жазуу жүзүндөгү жол-жобо боюнча жүргүзүлөт.

102. Конституциялык сот ишти жазуу жүзүндөгү жол-жобо боюнча кароодо конституциялык Мыйзамдын 31-беренесинде жана ушул Регламенттин тиешелүү жоболорунда белгиленген кароо мөөнөтүн эске алат.

103. Жазуу жүзүндөгү процесске Конституциялык соттун судьялары жана жыйналыштын протоколун жүргүзүүчү катчы катышат. Протоколду түзүү жазуу жүзүндөгү жол-жобонун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ушул Регламенттин 77–80-пункттарына ылайык жүзөгө ашырылат.

Жазуу жүзүндөгү процесске каралып жаткан иш боюнча материалдарды даярдоого түздөн-түз катышкан аппараттын кызматкерлери чакырылышы мүмкүн.

104. Жазуу жүзүндөгү процесстин жүрүшүндө төрагалык кылуучу Конституциялык соттун судьяларынан каралып жаткан маселе боюнча оозеки соттук териштирүү жүргүзүүнүн зарылдыгы бар-жогун, ал эми судья-баяндамачыдан конституциялык сот өндүрүшүнүн катышуучуларынан бул жөнүндө өтүнүчтөр келип түшкөн-түшпөгөнүн тактайт. Мындай тактоо Конституциялык соттун жыйналышынын протоколунда чагылдырылат.

## 10-глава. Конституциялык сотто актыларды кабыл алуу

105. Конституциялык сот актыларды чечимдер, корутундулар, токтомдор жана аныктамалар түрүндө кабыл алат. Конституциялык соттун актылары

Конституцияга негизделет жана кандай гана кызыкчылыктар болбосун судьялардын алардан эркин болгон укуктук позициясын билдирет.

Конституциялык сот кабыл алынган актыны негиздөөдө мурда кабыл алган чечимдеринде, корутундуларында, токтомдорунда жана аныктамаларында билдирилген укуктук позицияларга шилтеме кылып, алардын каралып жаткан маселеге карата колдонулушун негиздөөгө укуктуу.

106. Конституциялык Мыйзамдын 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1, 2 жана 4-пункттарында каралган маселелер боюнча иштерди кароонун жыйынтыгында Конституциялык сот чечим кабыл алат, ал эми аталган берененин 1-бөлүгүнүн 3, 5 жана 6-пункттарында каралган маселелер боюнча - корутунду кабыл алат.

107. Конституциялык соттун чечимине жана корутундусуна иш боюнча тараптын, судьянын (судьялардын), ошондой эле мамлекеттик органдын кайрылуусу боюнча Конституциялык сот өзү расмий түшүндүрмө бере алат.

Түшүндүрмө берүү жөнүндө кайрылууда арыз ээсинин пикири боюнча мазмуну түшүнүксүз болгон же аны түшүнүүдө, колдонууда же аткарууда кыйынчылыктарды жараткан чечимдин же корутундунун жоболору, ошондой эле аларга түшүндүрмө берүүнүн зарылдыгын ырастаган жагдайлар көрсөтүлөт.

Кайрылууну каттоо, аны изилдөөнү судьяга тапшыруу, материалдарды даярдоо жана судьяларга берүү, ошондой эле токтомду иштеп чыгуу жана ага кол коюу ушул Регламенттин 6-главасында белгиленген эрежелер боюнча, ушул пунктта белгиленген өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен жүргүзүлөт.

Кайрылуу Конституциялык сот тарабынан ал катталган күндөн тартып отуз жумуш күндүн ичинде жазуу жүзүндөгү жол-жобо боюнча каралат. Токтомду даярдоо жана ага кол коюу көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде жүргүзүлөт. Кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө өзүнчө токтом чыгарылбайт.

Кайрылууну кароонун жыйынтыгы боюнча Конституциялык сот өзүнүн чечимине же корутундусуна түшүндүрмө берүү мүмкүнчүлүгүн өз алдынча аныктайт.

Конституциялык сот чечимге же корутундуга түшүндүрмө берүү жөнүндө же түшүндүрмө берүүдөн баш тартуу жөнүндө токтом чыгарат. Түшүндүрмө берүү жөнүндө токтом тиешелүү чечимдин же корутундунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

Чечимдин же корутундунун түшүндүрмөсү анын мазмунун, маанисин жана анда баяндалган Конституциялык соттун укуктук тыянактарын өзгөртпөшү керек.

Аппарат токтомго кол коюлган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде анын көчүрмөлөрүн аппараттын жетекчиси кол койгон коштомо кат менен арыз

ээсине жана иш боюнча тараптарга жөнөтөт жана токтомду Конституциялык соттун расмий сайтына жайгаштырат.

108. Конституциялык соттун чечими жана корутундусу Кыргыз Республикасынын атынан чыгарылат жана Конституциялык соттун төрагалык кылуучусу, жыйналышка катышкан судьялар тарабынан кол коюлат. Конституциялык соттун башка актылары токтом, өзүнчө аныктама же протоколдук аныктама түрүндө кабыл алынат.

109. Конституциялык соттун чечими жана корутундусу жыйынтыктоочу акт болуп саналат жана Конституциялык сот тарабынан конституциялык Мыйзамдын 49-беренесинде жана ушул Регламенттин 10-главасында белгиленген эрежелер боюнча кабыл алынат.

110. Кеңешүүчү бөлмөдө резолютивдик бөлүктү добуш берүүгө коюуга чейин судья-баяндамачы иштин иш жүзүндөгү жагдайларын жана чечим кабыл алуу үчүн мааниси бар укуктук маселелерди баяндайт.

Судья-баяндамачынын сөзүнөн кийин сөз судьяларга берилет.

111. Ишти кароого катышкан судьялардын көпчүлүгү жактырган жыйынтыктоочу актынын долбоору аны мындан ары жеткире иштеп чыгууга негиз болот.

Эгерде судья-баяндамачы чечимдин резолютивдик бөлүгү боюнча добуш берүүдө азчылыкта калса, ал долбоорду жеткире иштеп чыгуудан баш тартууга укуктуу.

Мындай учурда төрагалык кылуучу долбоорду жеткире иштеп чыгууну башка судьяга тапшырат.

112. Жыйынтыктоочу актынын же ага түзөтүүлөрдү киргизүүнүн долбоорун талкуулоо жана добуш берүү жалпысынан да, бөлүктөрү боюнча да өткөрүлүшү мүмкүн.

113. Кеңешменин протоколунда добуш берүүгө коюлган маселелер жана добуш берүүнүн жыйынтыктары милдеттүү түрдө жазылат.

Протоколду судья-баяндамачы жүргүзөт, ага кеңешмеге катышкан бардык судьялар кол коет жана ал жарыялоого жатпайт.

114. Кеңешмеге катышкан судьялар талкуунун мазмунун жана добуш берүүнүн жыйынтыктарын жарыялоого укуксуз.

115. Конституциялык соттун актысы, эгерде жыйналышка катышкан судьялардын көпчүлүгү аны жактап добуш берсе, кабыл алынды деп эсептелет.

Бир дагы сунуш көпчүлүк добуш албаган учурда, төрагалык кылуучу добуштардын көпчүлүгүн алган эки сунушту кайталап добушка коет.

Чечимди же корутундуну кабыл алууда добуштар тең бөлүнүп калса, анда чечим же корутунду талашылып жаткан актынын конституциялуулугу пайдасына кабыл алынат.

Башка актыларды кабыл алууда добуштар тең чыкса, төрагалык кылуучу добуш берген акты кабыл алынды деп эсептелет.

116. Конституциялык соттун актысы негиздүү жана жүйөлүү болууга тийиш.

117. Конституциялык Мыйзамдын 38-беренесинде каралган тартипте кабыл алынган актыларды кошпогондо, Конституциялык соттун чечими жана корутундусу аларга кол коюлгандан кийин токтоосуз Конституциялык соттун ачык жыйналышында толук көлөмдө жарыяланат.

Айрым учурларда чечимдин же корутундунун жүйөлөштүрүү бөлүгүн түзүү отуз күнгө чейинки мөөнөткө калтырылышы мүмкүн, бирок алардын резолютивдик бөлүгү ошол эле соттук жыйналышта жарыяланат.

Жазуу жүзүндөгү процесс жүргүзүлгөн учурда Конституциялык соттун жыйынтыктоочу актысы жазуу жүзүндөгү процесс жүргүзүлгөн күнү түзүлүп, кол коюлат жана Конституциялык соттун расмий сайтында жарыяланат. Анын көчүрмөлөрү кол коюлган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде иш боюнча тараптарга жөнөтүлөт.

118. Конституциялык соттун актысында каралып жаткан маселенин мүнөзүнө жараша төмөнкүлөр көрсөтүлүүгө тийиш:

1) актынын аталышы, анын чыгарылган датасы жана орду;

2) чечимди же корутундуну чыгарган Конституциялык соттун өздүк курамы;

3) жыйналыштын катчысы;

4) тараптар жана алардын өкүлдөрү;

5) талаптардын предмети, ишти кароонун себептери жана негиздери;

6) Конституциялык соттун бул маселени кароо боюнча ыйгарым укуктарын белгилеген Конституциянын жана конституциялык Мыйзамдын ченемдери;

7) тараптардын жүйөлөрү;

8) Конституциялык сот тарабынан белгиленген иш жүзүндөгү, укуктук жана башка жагдайлар;

9) анын жарыяланган же алынган булагын көрсөтүү менен, конституциялуулугу текшерилген ченемдик укуктук актынын так аталышы;

10) кароонун жыйынтыгы боюнча чечим же корутунду кабыл алынган кайрылуунун предмети;

11) Конституциялык сот кабыл алган актыны ырастаган жүйөлөр, ал эми зарыл болгондо, ошондой эле тараптардын ырастоолорун четке кагуучу жүйөлөр;

12) Конституциялык сот актыны кабыл алган учурда жетекчиликке алынган Конституциянын жана конституциялык Мыйзамдын ченемдери;

13) каралган иштин маңызы боюнча Конституциялык соттун тыянагы;

14) актынын акыркы экендигине жана аны аткаруунун милдеттүүлүгүнө карата көрсөтмө;

15) актынын күчүнө кирүү тартиби, ошондой эле аткаруунун жана жарыялоонун тартиби, мөөнөттөрү жана өзгөчөлүктөрү.

119. Ушул Регламенттин 118-пунктунда белгиленген Конституциялык соттун актысынын мазмуну актынын кириш-сыпаттама, жүйөлөштүрүү жана резолютивдик бөлүктөрүндө чагылдырылат.

Ушул Регламенттин 118-пунктунун 1-7-пунктчаларында каралган жоболор кириш-сыпаттама бөлүгүндө көрсөтүлөт.

Жүйөлөштүрүү бөлүгү ушул Регламенттин 118-пунктунун 8-12-пунктчаларында көрсөтүлгөн жоболорду камтыйт.

Резолютивдик бөлүктө ушул Регламенттин 118-пунктунун 13-15-пунктчаларынын жоболору көрсөтүлөт.

120. Судьянын өзгөчө пикири жазуу жүзүндө баяндалат, жүйөлөштүрүлгөн болууга жана судья макул болбогон актынын тыянактарын же укуктук негиздерин, анын позициясын жана анын укуктук негиздемесин камтууга тийиш.

Өзгөчө пикирге судья кол коет жана ал Конституциялык соттун тиешелүү актысынын толук текстине кол коюлган күндөн тартып он жумуш күндүн ичинде берилет. Өзгөчө пикир иштин материалдарына тиркелет жана конституциялык Мыйзамдын 50-беренесинде каралган тартипте акт менен бирге жарыяланат.

Өзгөчө пикирди даярдоо актыга кол коюуну, анын күчүнө киришин жана дарек ээлерине жөнөтүлүшүн токтото турбайт.

121. Конституциялык сот актыны жарыялагандан кийин, андагы аталыштардагы, белгилердеги так эместиктерди, каталарды жана айкын редакциялык жана техникалык кемчиликтерди оңдошу мүмкүн, ал жөнүндө аныктама чыгарат.

Так эместиктерди оңдоону Конституциялык сот өз демилгеси боюнча же процесстин катышуучуларынын талабы боюнча жүргүзөт.

Актыда кетирилген так эместиктерди, каталарды, редакциялык жана техникалык кемчиликтерди оңдоого Конституциялык соттун соттук жыйналышында гана жол берилет.

Бул маселени кароодо Конституциялык соттун жыйналышы, эгерде ага Конституциялык соттун судьяларынын жалпы курамынын үчтөн экисинен кем эмеси катышса, ыйгарым укуктуу болуп саналат.

Мындай жыйналыш тараптардын, алардын өкүлдөрүнүн жана башка жактардын катышуусуз өтөт.

122. Конституциялык соттун чечимдеринин жана корутундуларынын көчүрмөлөрү аппарат тарабынан тараптарга, ошондой эле ченемдик укуктук актылары кароонун предмети болгон мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана кызмат адамдарына аппараттын жетекчисинин колу коюлган коштомо каттар менен жөнөтүлөт.

Жөнөтүү Конституциялык соттун расмий сайтында акт жарыяланган күндөн тартып беш жумуш күндөн кечиктирилбестен, ал эми жазуу жүзүндөгү жол-жобо боюнча каралган иш боюнча тараптарга – ушул Регламенттин 117-пунктунда белгиленген мөөнөттөрдө жүргүзүлөт.

Конституциялык соттун чечимдери жана корутундулары мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын расмий басылмаларында жана «Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Жарчысында», Конституциялык соттун расмий сайтында, ошондой эле зарылчылык болсо башка басылмаларда да жарыяланат.

Кабыл алынган акт боюнча пресс-релиз Конституциялык соттун расмий сайтында ал жарыяланган күнү, ал эми жазуу жүзүндөгү жол-жобо боюнча каралган иш боюнча пресс-релиз жыйынтыктоочу акт расмий сайтка жайгаштырылган күнү жарыяланат.

123. Аппарат Конституциялык соттун чечимдеринин жана корутундуларынын аткарылышынын абалын эсепке алууну жана талдоону жүзөгө ашырат. Мында аткаруу үчүн жооптуу органдар жана кызмат адамдары, алардын тиешелүү актыларды алган күндөрү, белгиленген аткаруу мөөнөттөрү жана кабыл алынган чаралар эске алынат.

Бул максатта аппарат тарабынан Конституциялык соттун актыларынын аткарылышы жөнүндө мамлекеттик органдардан жана алардын аткарылышына жооптуу кызмат адамдарынан келип түшкөн маалыматтар аппарат жүргүзгөн мониторингдин алкагында изилденет жана системалаштырылат.

Конституциялык соттун чечиминин же корутундусунун аткарылышынын абалын тактоо же кошумча маалымат алуу зарыл болгон учурда, Конституциялык сот аны аткаруу үчүн жооптуу органдардан жана кызмат адамдарынан тиешелүү маалыматтарды талап кылууга укуктуу.

Аткарылышын талдоо квартал сайын жүргүзүлөт жана чечимдин же корутундунун өз убагында жана толук аткарылышына, анын ичинде көрүлгөн чаралардын Конституциялык соттун укуктук позицияларына шайкештигине баа берүүнү камтыйт.

124. Конституциялык соттун чечимдеринин жана корутундуларынын аткарылышы жөнүндө маалыматтарды талдоонун жыйынтыгы боюнча аппараттын жооптуу түзүмдүк бөлүмү көрүлгөн чаралар, тиешелүү актылардын аткарылышынын абалы, ал эми алардын аткарылбагандыгы, толук эмес же өз убагында аткарылбагандыгы аныкталган учурда – анын себептери жана аткарылышын камсыз кылуу боюнча сунушталган чаралар жөнүндө маалыматтарды камтыган маалымкат даярдайт.

Маалымкат аппараттын жетекчисине берилет, ал аны кароонун жыйынтыгы боюнча Конституциялык соттун төрагасына андан аркы чаралар боюнча сунуштар менен жөнөтөт.

Конституциялык соттун чечими же корутундусу аткарылбаган, жарым-жартылай же өз убагында аткарылбаган учурда, Конституциялык соттун төрагасы Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасына же Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасына аныкталган бузуулардын мүнөзүн жана алардын келип чыгуу себептерин эске алуу менен өз ыйгарым укуктарынын чегинде тиешелүү маалыматты жана чараларды көрүү боюнча сунуштарды жөнөтүүгө укуктуу.

Конституциялык соттун чечимдеринин жана корутундуларынын аткарылышын талдоонун жыйынтыктары конституциялык мыйзамдуулуктун абалы жөнүндө жылдык маалыматтын, Конституциялык соттун иши жөнүндө маалыматтын жана башка аналитикалык материалдардын негизин түзөт.

125. Конституциялык соттун чечимдеринин жана корутундуларынын аткарылышы жөнүндө маалыматтарды алуу жана талдоо маселелери боюнча мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана кызмат адамдары менен өз ара аракеттенүүнү аппарат камсыз кылат.

## 11-глава. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун чечимдерин кайра кароо

126. Конституциялык соттун чечими конституциялык Мыйзамдын 52-1-беренесинде каралган учурларда Кыргыз Республикасынын Президентинин же Конституциялык соттун төрагасынын сунуштамасы боюнча кайра каралышы мүмкүн.

127. Конституциялык соттун чечимин кайра кароо жөнүндө сунуштама жазуу жүзүндө берилет жана анда төмөнкүлөр камтылууга тийиш:

1) Конституциялык соттун аталышы;

2) сунуштаманы киргизген жак жөнүндө маалыматтар;

3) кайра каралууга тийиш болгон Конституциялык соттун чечимин көрсөтүү;

4) Конституциялык соттун чечимин кайра кароого негиз болгон жагдайлар.

128. Төрага Конституциялык соттун чечимин кайра кароо жөнүндө сунуштаманы алдын ала изилдөө жана Конституциялык соттун токтомунун долбоорун даярдоо үчүн судьяга (судьяларга) берет.

129. Конституциялык сот сунуштаманы ал келип түшкөн күндөн тартып бир айдын ичинде жазуу жүзүндөгү жол-жобо боюнча карайт, мында конституциялык Мыйзамдын 38-беренесинин 3-бөлүгүндө белгиленген тартипте оозеки соттук териштирүүгө өтүү мүмкүнчүлүгү эске алынат. Зарыл болгон учурда кароо мөөнөтү Конституциялык сот тарабынан узартылышы мүмкүн, бул жөнүндө узартуу мөөнөтү көрсөтүлгөн жүйөлөштүрүлгөн аныктама чыгарылат.

130. Сунуштаманы кароонун жыйынтыгы боюнча Конституциялык сот токтом түрүндө төмөнкү чечимдердин бирин кабыл алат:

1) кайра каралып жаткан чечимди өзгөртүүсүз калтыруу жөнүндө;

2) чечимди өзгөртүү жөнүндө;

3) чечимди толугу менен жокко чыгаруу жана жаңы чечим кабыл алуу жөнүндө.

## III. БӨЛҮМ. КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР

### 12-глава. Өз ара аракеттенүү

131. Конституциялык сот ар бир календардык жылдын башында жылдык чогулуш өткөрөт, анда өткөн жылдагы иштин жыйынтыктарын чыгарат, аткарылган иштер жана өзү кабыл алган актылардын аткарылышы жөнүндө маалыматты талдайт, аппараттын отчетун угат.

132. Конституциялык сот жылдык чогулуштун жыйынтыгы боюнча төрага тарабынан бекитиле турган жылдык баяндаманы чыгарат, ал Конституциялык соттун иши жана ал кабыл алган актылардын аткарылышынын натыйжалары жөнүндө коомчулукту маалымдоо максатында мамлекеттик органдарга, чет мамлекеттердин конституциялык контролдоо органдарына, башка органдарга жана уюмдарга жөнөтүлөт.

133. Конституциялык сот коомчулукту өзүнүн иши жөнүндө маалымдоо максатында сынактарды, конок лекцияларды, конституционализм мектептерин, ачык эшиктер күндөрүн жана башка иш-чараларды өткөрө алат.

### 13- глава. Конституциялык соттун мамлекеттик бийлик органдары, жарандык коом жана эл аралык уюмдар менен өз ара аракеттенүүсү

134. Конституциялык соттун чет өлкөлүк конституциялык соттор жана ага теңештирилген институттар менен өз ара аракеттенүүсү эл аралык кызматташуунун алкагында жүзөгө ашырылат.

135. Конституциялык соттун эл аралык уюмдар менен өз ара аракеттенүүсү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык жүзөгө ашырылат.

136. Конституциялык соттун жарандык коом менен өз ара аракеттенүүсү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

137. Конституциялык соттун ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында анын төрагасы Конституциялык соттун судьяларынын сунушу боюнча же өзүнүн демилгеси менен координациялык жана коллегиалдык-кеңешме органдарын түзө алат.

Координациялык жана коллегиалдык-кеңешме органдарынын курамына судьялардан жана аппараттын кызматкерлеринен тышкары мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жарандык коомдун, илимий жана эксперттик жамааттардын өкүлдөрү кирет.

138. Конституциялык соттун иши жөнүндө маалыматка жеткиликтүүлүк Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен аныкталат.

## 14- глава. Регламентти кабыл алуу, ага өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жол-жобосу

139. Регламенттин долбоорун Конституциялык соттун бекитүүсүнө анын төрагасы сунуштайт.

140. Регламент ачык добуш берүү аркылуу жөнөкөй көпчүлүк добуш менен кабыл алынат.

Конституциялык соттун Регламентти кабыл алуу жөнүндө чечими токтом түрүндө кабыл алынат.

141. Регламентти кабыл алууда Конституциялык соттун жыйналышы, эгерде ага Конституциялык соттун судьяларынын жалпы курамынын үчтөн экисинен кем эмеси катышса, ыйгарым укуктуу деп эсептелет.

142. Регламентке өзгөртүүлөр жана толуктоолор Конституциялык соттун судьяларынын демилгеси боюнча Конституциялык сот тарабынан ушундай эле тартипте кабыл алынат.

143. Регламент, ошондой эле ага киргизилүүчү өзгөртүүлөр жана толуктоолор "Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун

Жарчысында” расмий жарыялануугa жана Конституциялык соттун расмий сайтына жайгаштырылууга тийиш.

144. Ушул Регламент конституциялык сот өндүрүшүнүн бардык катышуучулары тарабынан аткарылууга милдеттүү болуп саналат